КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

---

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышындагы кезектеги 11-сессиясы**

# ТОКТОМ

**20-декабрь 2022-жыл № 66** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл аймагынын территориясындагы ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө болгон муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 2чи жана 19-беренелерине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, “Суучу” суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчикке берүү жөнүндө чечими тууралуу Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысын угуп, талкуулап Садыр аке айылдык Кеңеш **токтом кылат:**

**1.** “Суучу” суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык курулмалдарды муниципалдык менчикке берүү жөнүндө суроо-талабы канаатандырылсын.

**2.** Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысы:

- “Суучу” суу пайдалануучулары менен ирригациялык курулмалар түрдө мүлктү кабыл алуу-берүү актысын түзсүн.
- “Суучу” суу пайдалануучулар ассоциациясы менен ирригациялык курулмаларды берүү келишимине кол койсун, аны мамлекеттик нотариустан күбөлөндүрсүн жана мамлекеттик каттоо кызматтарынын органдарына каттатсын.
- Ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчик реестрине камтысын.

**3.** Бул токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Ысык-Көл Облусутк юстиция башкармалыгына жиберилсин.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин экономикалык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.С. Чичканбаев**

Жиберилди; Иш кагаздарына-1. Обл.юстицияга -1.